УДК:811.512.154.

DOI: 10.35254/bhu.2019.47.8

Дунканаев А.Т., *ф.и.д.*
Молдакунова А.А.,
Ысык-Көл мамлекеттик университети

КЫРГЫЗ ОРФОГРАФИЯСЫ ЖАНА АНЫН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

ОТДЕЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ КЫРГЫЗСКОГО ПРАВОПИСАНИЯ

KYRGYZ SPELLING AND SOME OF HIS QUESTIONS

Аннотация: *Макалада адабий тилдеги орфографиянын орду, маанилүүлүгү жөнүндө сөз болот. Кыргыз орфографиясынын эрежелеринин айрым калпыстыктары тууралуу жекече көз караштар билдирилет. Орфография конкреттүү бир адабий тилдеги сөздөрдүн туура жазуу эрежелеринин системасы болуп саналат. Кыргыз элинин улуттук тили жазууга ээ боло баштагандан тарта орфографиянын маселелери колго алынып, илимий негизде такталып, жөнгө салынып келүүдө. Ар түрдүү диалектиде сүйлөгөн адамдардын бардыгына бирдей түшүнүктүү болгон адабий тил мүмкүнчүлүктөрүнүн түзүлүшү, уюшулушу, камсыздалышы түздөн-түз орфографияга да тиешелүү. Ошондуктан анын коомдук функциясы зор.*

Түйүндүү сөздөр: *Орфография, орфографиялык сөздүк, адабий тил, адабий норма, эреже, тыбыш, тамга, сабаттуулук.*

Аннотация: *В данной статье рассматривается место и значение орфографии в кыргызском литературном языке. Приводятся различные взгляды некоторых погрешностей правил кыргызской орфографии. Орфография является системой правописания слов одного конкретного литературного языка. С приобретением письменности орфография кыргызского национального языка начала изучаться, идет научное уточнение. Создание, организация и обеспечение возможности всеми, говорящими на разных диалектах, понятного литературного языка имеет прямое отношение к орфографии. Поэтому у орфографии огромная общественная функция.*

Ключевые слова: *орфографический словарь, литературной язык, литературная норма, правило, звук, буква, грамотность.*

Annotation: *This article discusses the place and meaning of spelling in a literary language. Various views of some errors of the Kyrgyz spelling rules are given. Spelling is a spelling system of words of one specific literary language. The spelling of the Kyrgyz national language began to be studied; scientific clarification is underway with the acquisition of writing. Creating, organizing and ensuring the possibility of all, speaking different dialects, clear literary language is directly related to spelling. There fore, the spelling social function is huge.*

Keywords: *Spelling dictionary, literary language, literary norm, rule, sound, letter, literacy.*

Азыркы мезгил илимий-техникалык прогресстин гүлдөп өнүгүү учурун баштан кечирүүдө. Өнүгүүнүн табияты, көрүнүшү, байланышы, көрсөткүчтөрү жазуу менен тыгыз байланышта болот, ал аркылуу тейленет, ишке ашырылат. Ошол эле учурда өнүгүүнүн талаптарына ылайык, анын так жана таасын, түшүнүктүү жана жеткиликтүү болушу үчүн, жазууда да белгилүү бир эрежелердин кабыл алынышы зарыл жана алардын мыйзам ченемдүү тартипте аткарылышы жана сакталышы милдет. Мындай маанилүү милдеттин иш жүзүнө ашырылышы түздөн-түз орфографияга тиешелүү. Ошондуктан анын коомдук функциясы зор.

Орфография конкреттүү бир адабий тилдеги сөздөрдүн туура жазуу эрежелеринин системасы болуп саналары белгилүү. Тил илиминде орфографиянын предмети, максаты, изилдей турган обьектиси, маани-маңызы тууралуу ар түрдүү көз караштар бар. И.А.Бодуэн де Куртенэнин пикири боюнча, жазуунун системалуулугу, тилдеги тыбыштар менен карым-катышы, тил менен жазуунун аң-сезимге тийгизген таасири орфографиянын негизги өзгөчөлүгү болуп саналат. (1.27.), Л.В.Щерба орфографияны тилдеги конкреттүү сөздөрдү жазуу ыкмасы (2.8.) катары карайт, ал эми В.В.Виноградов тилдик системанын ар түрдүү жактары орфографияда камтылат (3.57.) деп айтса, жазуу кебин түзгөн каражаттардын бардыгын орфография катары атайбыз (4.5.) деп Н.Ф.Яковлев белгилейт. Булардын катарына орфография жөнүндө айтылган дагы көптөгөн окумуштуулардын пикирлерин келтирүүгө болоор эле, бирок макаланын мазмунуна ылайык, тек гана кыскартууга туура келди.

Кандай болгон шартта да, орфография адабий тилдин өсүп-өнүгүшүндө өзгөчө орунда турары, орфографиялык эрежелердин болушу менен сөздөрдүн жазылышы, бир калыпка салынып, грамматикалык ырааттуулукту камсыздары, жазуудагы чар жайыттуулуктан жана диалектилик варианттардан алыстап, окууда, жазууда жеңилдиктерди шарттаары, бир түрдүүлүктү жаратаары анык. Орфографиянын маанилүүлүгүн академик Б.Орузбаева: «Орфография белгилүү бир илимий өбөлгөлөргө таянып, ошолорго негизделип, адабий тилди нормага, белгилүү нукка салуу максатын көздөйт. Демек, анын эң биринчи жана эң башкы милдети – сабаттуулукка үйрөтүү, ошону камсыз кылуу. Орфография, ошентип тил маданиятынын милдеттерин (тилдин орфоэпиялык, грамматикалык жана лексикалык ырааттуу закон ченемдүү жоболорун сактоо менен катар) иш жүзүнө ашыруунун маанилүү куралдарынын бири» (5.8.)- деп белгилейт.

Кыргыз элинин улуттук тили жазууга ээ боло баштагандан тарта орфографиянын маселелери колго алынып, илимий негизде такталып, жөнгө салынып келүүдө. Кыргыз тилинин орфографиясы бирдиктүү жазууну жолго коюуга жана коомдук өнүгүп-өсүүлөргө байланыштуу бир канча жолу иштелип чыгууларга дуушар болду. Ар түрдүү диалектиде сүйлөгөн адамдардын бардыгына бирдей түшүнүктүү болгон адабий тил мүмкүнчүлүктөрүнүн түзүлүшү, уюшулушу, камсыздалышы түздөн-түз орфографияга да тиешелүү. Муну ишке ашыруу үчүн жалпы элибиздин талабын канааттандыруу үчүн кыргыз жазма адабий тилди бир темага салууга чоң жардам берүүчү, бирдиктүү орфографиялык эрежелерди камтып туруучу орфографиялык сөздүктөрдүн түзүлүшү муктаждык катары келип чыгат. Ушундай зарылдыктан улам, кыргыз орфографиясынын тарыхында 1938-жылы биринчи жолу 5000 сөздү камтыган орфографиялык сөздүк жарыкка чыккан. Ал сөздүк Т.Актанов, З.Байжиев,К. Бакеев, И.Батманов, К.Бактыбаев, Х.Карасаевдер тарабынан түзүлгөн. 7000 сөздү камтыган экинчи сөздүк 1942-жылы М.И.Богданова менен Х.Карасаевдин редакторлугу менен жарык көрөт.

1956-жылы Х.Карасаев жана Ю.Яншансин тарабынан түзүлүп чыккан үчүнчү сөздүктө он бир миңден ашуун сөз камтылган. Мурдагы сөздүктөгү бириккен сөздөрдү жана кошмок сөздөрдүн жазылышындагы айрым бир башаламандыктар мында бир кыйла тартипке келтирилет, сөздөрдүн жазылышы так көрсөтүлөт. Ошондоой болсо да, бул сөздүккө карата айрым уңгу сөздөрдүн жазылыш эрежелери, сөзгө мүчөнүн жалганышы, сөз варианттарынын айтылышына карай жазууда алардын бардык түрүнө жол бербестен, бир гана варианттарын жазуу боюнча олуттуу сын-пикирлер айтылат. Авторлор мындай сын-пикирлерди эске алуу менен, 1966-жылы толуктап, кеңитип, тактап, алтымыш миң сөз көлөмүндөгү сөздүктү иштеп чыгышат. Муну кыргыз адабий тилинин жолго коюлушунун, өнүгүшүнүн бир көрсөткүчү катары баалоого болот. Албетте, экинчи жагынан, кандай гана тил болбосун, орфографиялык сөздүктөрдүн кайрадан иштелип чыгып турушу мыйзам ченемдүү көрүнүш. Анткени жазуу ишиндеги бардык жагдайларды дароо эле орфографиялык бирдей ырааттуулукка, бирдей нормага салуу оңой-олтоң иш эмес экендигин практика көрсөтүп койду. Дегеле, тилдеги сөздөрдүн жазылышынын бардыгын орфографиялык эрежелердин жыйнагында берүү мүмкүн эмес. Алар сөздүктөр жана колдонмолор аркылуу түшүндүрүлөт, кеңейтилип берилет. Сөздөрдүн жазылышынын тууралыгын түшүндүрүүдө, чечмелөөдө колдонмолордун мааниси өтө зор. Ошон үчүн орфографиялык эрежелердин, сөздүктөрдүн мыкты иштелип чыгышында да колдонмолордун өз орду бар. Бул тууралуу Э.Абдулдаев, Д.Исаевдер мындай дешет: «Орфографиялык эрежелердин жалпы негизин белгилүү системага келтирип, анын ар бир маселесин бардык жагынан кеңири чечмелеген колдонмо куралдын болушу сабаттуу жазууга жетектей турган эң чоң практикалык мааниге ээ. Тилдин орфографиялык эрежелерин толук бойдон жаттап алыш жана бардыгын иш жүзүндө эч такалбастан туура колдоно билиш оңой-олтоң иш эмес. Ошондуктан эрежелердин татаал жерлерин же эстен чыгып калгандарын керек болгон учурда колдонмо куралдардан карап алууга да туура келет». (6.6.) Демек, орфографиялык эрежелердин жыйнагында, сөздүктөрдүн түзүлүшүндө жана адабий тилдин өнүгүшүндө да колдонмолордун аткарган милдети чоң.

Кыргыз тилинде азыркы учурга чейин татаал сөздөрдүн жазылышы толук бир нукка салына элек. Айрыкча ушул маселе боюнча ар түрдүү көз караштар, карама-каршы пикирлердин да болуп келгендиги белгилүү.

Айрым татаал сөздөрдүн жазылышы боюнча биздин да өз көз карашыбыз бар. Маселен, «Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринин соңку редакциясында: 2. Кошмок сөз тибиндеги төмөндөгүдөй татаал географиялык аттар (эгер лексикалык маанисин жоготпой, тилде өз алдынча колдонулуп жүргөн сөздөр болсо) арасына дефис белгиси коюлуп, баш тамга менен айрым-айрым жазылат: **Ак-Сай, Чоң-Сары-Ой, Кырк-Казык, Жети-Өгүз, Базар-Коргон, Кичи-Кум-Бел, Шамалды-Сай, Ысык-Көл, Соң-Көл, Ысык-Ата, Ала-Тоо, Тору-Айгыр, Төө-Ашуу, Кара-Балта, Жалал-Абад, Кара-Үңкүр, Кум-Төр,** жана башкалар (7. 5-бет) деп конкреттүү көрсөтүлөт. Кийинки пункттардан ушуга окшогон эле географиялык энчилүү аттар бирге жазылгандыгын көрүүгө болот: Каракол, Жергетал, Алайкуу, Кызылжар. Буларды эмне үчүн Кара-Кол, Жерге-Тал, Кызыл-Жар деп жазууга болбойт. Эрежеде белгиленгендей, экинчи түгөйлөрү деле өз алдынча лексикалык толук мааниге (кол, тал, жар) ээ болуп турбайбы деген суроо туулбай койбойт.

Ошондой эле кыргыз тилиндеги бир канчалаган сөздөр эки түрдүү айтылат жана ошол айтылышы боюнча жазылат. Бул тууралуу Г.Садыралиева "Тилдеги татаал маселелердин бири – кээ бир сөздөрдүн жазууда жана оозеки кепте бир канча вариантта колдонулушун бир системага келтирүү болуп эсептелинет. Кыргыз тилинде эки миңден ашуун сөз кеминде эки түрдүү айтылат же жазылат" (8.),- деп белгилейт. Мындай сөздөргө: **айыр-айры, убакыт-убакты, кайыр-кайры, бакыт-бакты, эрини-эрди, дайым-дайыма, кийими-кийми, күмөн-күнөм** жана башка ушул сыяктуу көптөгөн мисалдарды келтирүүгө болот. Кыргыз тилиндеги бул сөздөрдүн жазылышындагы эки вариант тең туура. Анткени, мындай сөздөр эки вариантта жазылганда да, лексикалык маанилерин жоготпойт, бир эле сөз катары кабылданат. Албетте, кыргыз тилиндеги көпчүлүк сөздөрдү айтылышы боюнча жазууга мүмкүн эмес. Эгерде сөздөрдүн айтылышына карап жазууга жол бере турган болсок, анда чаржайыттуулукка, башаламандыкка жол берилип, адабий тилдин өнүгүшүнө эмес, бузулушуна алып келмек. Ошон үчүн жалпы элдик тилдеги сөздөрдү бир системага салып, адабий тилдин нормаларына ылайыктап, орфографиялык бирдиктүү эрежелерди ичине камтып турган орфографиялык сөздүктүн мааниси өтө чоң.

Кыргыз адабий тилинде орфографиялык эрежелердин бардыгы жөнгө салынып, орфографиялык сөздүктөр, колдонмолор биротоло иштелип чыкты дегенден алыспыз. Азыркы учурда да жазуу маселелерине байланыштуу бир катар кыйынчылыктардын бар экендигин моюнга алууга тийишпиз. Ошолордун бири кыргыз тилине йоттошкон тамгалардын кабыл алынышы орус тилинен кирген йоттошкон **е, ё, ю, я** тамгаларынын кыргыздын төл сөздөрүнө колдонулуп жазылышы олуттуу көйгөйлөрдү жаратты. Оболу, "Кыргыз тилинин жазуу эрежелеринде" (9.) кыргыздын төл сөздөрүндө йоттошкон тамгалардын кантип жазылышы тууралуу берилген эрежелерге токтололу:

"3. Йоттошкон е, ё, ю, я тамгаларынын жазылышы:

14-§ Йоттошкон **е** тамгасы төмөнкү учурларда жазылат:

1.Үндүү **и** тыбышынан кийин йоттошкон **йэ** тыбышын билдирүү үчүн колдонулат: **тиешелүү, тиертийбес, чие, чиеленген.**

3. Аягы -й тыбышы менен бүткөн сөздөргө үндүү менен башталган же үндүү тыбыштан турган көбүнчө чакчыл – **а(-е)** мүчөсү уланганда жазууда **йе** же **йэ** түрүндө берилбестен, **е** тамгасы аркылуу гана берилет: **кий-кием, чий-чиет, кеңей-кеңеет.** Булардын **кийет, чийет, кеңейет** же **кеңейэт** болуп жазылышына жол берилбейт.

15-§. Кыргыз тилинде **ё** тамгасы төмөнкү учурларда колдонулат:

1. **ё** тамгасы уңгу сөздөрдө үндүүлөрдөн, көбүнчө **о** тамгасынан кийин гана жазылып, татаал **йо(й-о)** тыбышынын ордуна жүрөт: **боё, боёк, коён, оён.** Бул сыяктуу сөздөр **бойо, бойок, койон, ойон** түрүндө **йо** менен жазылбайт.

2. **Кой, сой, чой, той** сыяктуу аягы - **ой** менен бүткөн уңгу сөздөргө **о** тыбышы менен келген мүчөнүн айкалышы **йо** аркылуу **койот, сойот, чойот, тойот** болуп жазылбастан **ё** тамгасы менен берилет **сойсоёт, чой-чоёт, той-тоёт.**

16-§. Кыргыз тилинде **ю** тамгасы төмөнкү учурларда колдонулат:

1. Уңгу сөздөрдө **ю-й+у** тамгаларынын ордуна жүрөт: **куюн, оюн,уюм, чоюн.**

2. Аягы **й** менен бүткөн сөздөргө таандык мүчөлөр же **-ын, -ыл, -ыш** сыяктуу үндүү менен башталган мүчөлөр уланганда, тыбыштык **йу** айкалышы **ю** тамгасы менен берилет: **кой+ым- коюм, кой+ың-коюң, той+ын-тоюн, сой+ыш-союш** ж.б.

3. Аягы -й тыбышы менен бүткөн сөздөрдөн кийин созулма **уу** мүчөсү келген учурларда, алардын айкалышы **–йуу** түрүндө жазылбастан: **юу** түрүндө жазылат.

17-§. Кыргыз тилинде **я** тамгасы төмөнкү учурларда колдонулат:

1. Уңгу сөздөрдө **й** жана **а** тыбыштарынын айкалышын билдирет: **аяк (айак), аян (айан), баянда (байанда), даяр (дайар), уят (уйат).**

2. Аягы **й** менен бүткөн сөздөрдөн кийин **а** тыбышы менен башталган мүчө уланган кезде **я** тамгасы колдонулат: **жай+а+т-жаят, кый+а+быз-кыябыз** (кыйабыз эмес), **жый+ар-жыяр** (жыйар эмес)".

Бул эрежелерден улам, суроолор туулат: Эмне үчүн кыргыздын төл сөздөрүнө йоттошкон тамгаларды колдонушубуз керек? Анын канчалык зарылдыгы бар? **Коёнду койон, аюну айуу, таякты тайак** деп жазууга болбойбу?

Йоттошкон тамгалар кыргыздын төл сөздөрүнүн жазылышын бузуу менен бирге эле, сөздөрдүн айтылыштарына да доо кетирет. Биринчиден, орус тилинен кирген **ё, я, ю, е** тамгаларынын төл сөздөрдөгү тыбыштык айтымдары кыргыздын тилдик өзгөчөлүктөрүнө туура келбейт, башкача айтканда **я, ю, ё, е** тамгалары **йа, йу, йо, йе** тыбыштарынын айтылыштарын дал өзүндөй бере албайт. Анткени **я,ю,е,ё** йоттошкон тамгалары тыбыш катары айтылганда, **йа, йу, йо, йе** тыбыштарына караганда ичке айтылат. Эгерде йоттошкон тамгалардын мындай ичке айтылышын сактап колдонсок, анда койонду **коённ**, айууну **аюёну** деп айтышыбыз керек. Экинчиден, йоттошкон тамгалар колдонулган сөздөрдү

окутууда да жасалма кыйынчылыктарды жаратып алдык. Кыргыз тилинде колдонулган сөздөрдө канча тыбыш болсо, ошончо тамга менен жазышыбыз керек. Ал сөздөрдө канча тыбыш, канча тамга бар экендигин үйрөтүүбүзгө да жеңил. Ал эми **коёюн, соёюн, боёюн** сыяктуу сөздөрдүн жазылышына эле карап, өз сөзүбүз экендигине ишенбей да кетесиң. Бул сөздөрдө канча тыбыш, канча тамга бар экендигин аныктоо, уңгу, мүчөгө ажыратуу да кыйынчылыкты жаратат. **Коёюнду койойун, соёюнду сойойун** деп айтып жатканыбыздан кийин, эмне үчүн айтылышы боюнча жазууга болбосун. Үчүнчүдөн, маселен, **кеңейет** деген сөздүн туура жазылышы **кеңеет** деп берилген. Эми ушул кеңейет сөздүн **кеңейет** деп кантип окуйбуз, **кеңеет** деп дал жазылышындай окусак, кыргызда мындай сөз жок болуп чыгат.

Кандай болгон шартта да, Кыргыз орфографиясынын эрежелери дагы такталууга тийиш.

Адабияттар

1. Абдулдаев Э., Исаева Д., Кыргыз орфографиясынын эрежелери (Практикалык колдонмо. 3-басылышы). – Фр.: Мектеп, 1986- 120 б.

2. Аширбаев Т. Орфографиялык эрежелер: Туура жазуу жана адабий оңдоо боюнча практикалык колдонмо. - Ош, 2005.-115 б.

3. Кыргыз тилинин жаңы алфавити жана орфографиясы. -Ф.,1940.

4. Кыргыз тилинин орфографиясы.-Ф.,1954.

5. Алымова А. Кыргыз орфографиясынын принциптери жөнүндө //Вестник КГНУ.- Сер. Фил. науки.- 1995.вып 2.- С.3.

7. Бакеев К. Кыргыз тилинин орфографиясынын реформалары // Кызыл Кыргызстан.- 1940. 11-декабрь.

8. Карасаев Х. Орфографиянын кээ бир эрежелери жөнүндө // Советтик Кыргызстан. -1957. 8-сентябрь.

9. Карасаев Х. Кыргыз орфографиясынын кээ бир маселелери жөнүндө // Кызыл Кыргызстан.- 1947. 5-февраль.

10. Орузбаева Б. Орфографиялык эрежелер жагдайында // Кыргызстан маданияты,1987. 8-январь.